ЖАЛАЛ АБАД ЭЛ АРАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИНИН
Окумуштуулар кеңешинин жыйынынын
№08/25 протоколу

2026-ж. 26-март Манас ш.

Окумуштуулар кеңешинин курамы:
Баары: 18
Катышкандар: 16
Катышпагандар: 3 (себептүү)

Окумуштуулар кеңешинин жыйыны башталардан мурун Кыргыз Республикасынын гимни жаңырды.

ЖАЭУнун ректору, Окумуштуулар кеңешинин төрагасы ф-м.и.к., доцент М.Р.Нарбаев Окумуштуулар кеңешинин жыйынында каралуучу күн тартибиндеги маселелер менен тааныштырды.

КҮН ТАРТИБИ:

№	Каралуучу маселелер	Жооптулар	Регламент	Тиешелүү материалдар
1	Мамлекеттик тил жана социалдык иштер боюнча аткарыла турган иштер жөнүндө маалыматы	Асилова З.А. - Илим, мамлекеттик тил жана социалдык иштер боюнча проректор	10 мин	Баяндама, токтом долбоору
2	2025-2026-окуу жылы үчүн кабыл алуунун жыйынтыгы боюнча кабыл алуу комиссиясынын отчету	Садырова Н.А. 2025-2026 окуу жылындагы жооптуу катчы	10 мин	Билдирүү
3	2026-2027-окуу жылына карата кабыл алуу комиссиясынын курамын, жобосун, кабыл алуу планын бекитүү. Үгүт иштерине карата даярдыктар жөнүндө	Астанов Ш.М. – 2026-2027 окуу жылынын кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысы	10 мин	Билдирүү, тиешелүү материалдар
4	Дарылоо иши (5 жыл) адистигин даярдоодо USMLE багытталган моделин киргизүү	Ташиева Г.С.- сапат жана дарылоо иши боюнча проректор	10 мин	Баяндама, токтом долбоору
5	Ар түрдүү маселелер			

Күн тартиби боюнча сунуштар болгон жок. Күн тартибинде каралуучу маселелерди бекитүү добушка коюлду. Добуш берүүнүн жыйынтыгы менен күн тартиби бир добуштан бекитилди.

Каралып жаткан маселелер боюнча маалымат берүү 5 мүнөттөн 10 мүнөткө чейин болсун деген регламент сунушталды. Регламентти бекитүү добушка коюлду. Добуш берүүнүн жыйынтыгы менен регламент бир добуштан бекитилди.

1-маселе боюнча Илим, мамлекеттик тил жана социалдык иштер боюнча проректор Асилова З.А. сөз сүйлөдү: “Урматтуу төрага, урматтуу Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү! 2025–2026-окуу жылында мамлекеттик тилди өнүктүрүү, илимий иштерди координациялоо жана социалдык-тарбиялык багыттагы иш-чараларды уюштуруу

боюнча системалуу иштер жүргүзүлүүдө. Мамлекеттик тил боюнча комиссиянын иши жандандырылып, иш кагаздарын кыргыз тилинде жүргүзүү, силлабустарды кыргыз тилине которуу, тил күнүнө, Эне тил күнүнө, Манас күнүнө арналган иш-чараларды өткөрүү каралган. Социалдык багытта студенттер арасында мекенчилдик, маданияттар аралык достук, сергек жашоо образын жайылтуу жана майрамдык иш-чараларды уюштуруу иштери аткарылууда жана келечекте аткарылуучу иштерди күчөтүү пландалган.”

Суроо: Морфологиялык дисциплиналар кафедрасынын башчысы Жуманалиева М.Б.: – “Мамлекеттик тилди документ жүгүртүүгө толук киргизүү боюнча кандай көзөмөл механизмдери каралган?”

Жооп: Асилова З.А.: – “Бул багытта деканаттар, кафедралар жана тил комиссиясы менен биргеликте туруктуу мониторинг жүргүзүлөт. Иш кагаздарынын, маалыматтык материалдардын жана окуу документтеринин мамлекеттик тилде жүргүзүлүшү этап-этабы менен көзөмөлдөнөт.”

Сөзгө чыккандар: Ректор, М.Р.Нарбаев: – “Мамлекеттик тил, илимий жана социалдык иштер бирдиктүү багытта алып барылып жатканы кубандырат. Өзгөчө документ жүргүзүү, маданий иш-чаралар жана тил саясатын турмушка ашыруу боюнча иштерди колдойм.”

Токтом долбоору:

1. Илим, мамлекеттик тил жана социалдык иштер боюнча проректордун маалыматы эске алынсын;
2. Мамлекеттик тилди өнүктүрүү, илимий жана социалдык иштер боюнча мерчемдердин социалдык тармактарда чагылдырылышы күчөтүлсүн.

2-маселе боюнча 2025–2026-окуу жылындагы кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысы Садырова Н.А. сөз сүйлөдү: – “Урматтуу кесиптештер! 2025–2026-окуу жылына карата жайкы жана кышкы кабыл алуунун жыйынтыгы боюнча кабыл алуу комиссиясы өз ишин бекитилген жоболорго ылайык жүргүздү. Кабыл алуу процессинде расмий сайт, социалдык тармактар жана электрондук платформалар колдонулду. Абитуриенттер үчүн маалымат берүү, документтерди кабыл алуу, жеңилдик берүү жана профориентациялык иштер аткарылды. Кабыл алуу комиссиясынын ишмердүүлүгүнүн жыйынтыгында окууга кабыл алуу уюшкандыкта жүргүзүлүп, тиешелүү төлөмдөр толук түшүрүлдү. Ачык эшиктер күнү, маалыматтык түшүндүрүү жана электрондук кайрылуулар менен иш алып баруу жакшы натыйжа берди. Жалпысынан кабыл алуу комиссиясынын иши канааттандырарлык деңгээлде жүргүзүлдү деп эсептейм.”

Суроо: Ректор Нарбаев М.Р.: – “Кийинки кабыл алуу мезгилинде кайсы багыттарды күчөтүү зарыл деп эсептейсиз?”

Жооп: Садырова Н.А.: – “Электрондук кайрылууларды көбөйтүү, эл аралык абитуриенттер үчүн онлайн колдоону күчөтүү жана мектептер менен түз байланыштагы профориентациялык иштерди дагы да активдештирүү зарыл.”

Сөзгө чыккандар: Окуу-маалымат бөлүмүнүн башчысы Канетова Д.Э..: – “Кабыл алуу комиссиясы өткөн мезгилде чоң жоопкерчилик менен иш алып барды. Маалыматтык коштоо, уюштуруу жана документ иштеринде тартиптүү иш жүргүзүлгөнүн белгилеп кетем.”

Токтом долбоору:

1. Кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысы Н.А. Садырованын 2025-2026-окуу жылына карата жайкы жана кышкы кабыл алуунун жыйынтыгы боюнча маалыматы эске алынсын;
2. Кабыл алуу комиссиясынын отчету канааттандырарлык деп табылсын;
3. Кабыл алуу комиссиясынын ишине активдүү катышкан кызматкерлерди шыктандыруу маселеси администрация тарабынан каралсын.

Токтом долбоору добушка коюлуп, бир добуштан кабыл алынды.

3-маселе боюнча 2026-2027-окуу жылынын кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысы Астанов Ш.М. – “Урматтуу төрага, урматтуу Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү! 2026-2027-окуу жылына карата кабыл алууну уюштуруу үчүн кабыл алуу комиссиясынын курамын, кабыл алуунун тартибин жана кабыл алуу планын бекитүү зарыл. Кабыл алуу комиссиясынын төрагасы болуп ректор Нарбаев М.Р., жооптуу катчысы болуп мен, Астанов Ш.М. сунушталдым. Техникалык катчылар катары Акрамжанов А.Т. чет өлкөлүк студенттер боюнча, Курбанова Н.А. жергиликтүү студенттер боюнча иш алып барат. Кабыл алуу тартиби Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө” Мыйзамына жана Министрлер Кабинетинин №355 токтомуна ылайык иштелип чыккан. Кабыл алуу жылына эки жолу – жайкы жана кышкы мезгилде жүргүзүлөт. 2026-2027-окуу жылына контракттык негизде кабыл алуу планы боюнча 6 жылдык “Дарылоо иши” адистигине 50, “Экономика” багытына 25, “Менеджмент” багытына 25, “Маалыматтык технологиялар жана эсептөө техникасы” багытына 25 орун каралган. Жалпы план 125 студентти түзөт. Мындан тышкары 5 жылдык “Дарылоо иши” адистиги боюнча 700 орундук өзүнчө кабыл алуу планы сунушталган. Үгүт иштерин мектептерде, социалдык тармактарда, расмий сайтта жана түз жолугушуулар аркылуу эрте баштоо пландалууда.”

Суроо: Окуу иштери боюнча проректор Садырова Н.А.: – “Кабыл алуу учурунда маалыматтын ачыктыгын жана абитуриенттер менен байланыштын жеткиликтүүлүгүн камсыздоо үчүн кандай чаралар каралган?”

Жооп: Астанов Ш.М.: “Жобого ылайык, абитуриенттер үчүн расмий сайтта кабыл алуу эрежелери, адистиктердин тизмеси, орундардын саны, кирүү сынактары, апелляция тартиби жана келишимдин үлгүсү жарыяланат. Мындан тышкары телефон линиялары жана электрондук байланыш каражаттары уюштурулат. Документтерди кабыл алуу ‘Э-Билим’ системасы аркылуу жүргүзүлөт.”

Сөзгө чыккандар: Ректор Нарбаев М.Р.: “Кабыл алуу комиссиясынын курамын, жобосун жана кабыл алуу планын алдын ала бекитүү – уюштуруу иштерин сапаттуу алып баруунун негизги шарты. Үгүт иштерин күчөтүп, мыйзам талаптарына ылайык ачык жана так иш алып баруу зарыл.”

Токтом долбоору:

1. 2026-2027-окуу жылына карата кабыл алуу комиссиясынын төмөнкү курамы бекитилсин:

төрагасы – Нарбаев М.Р.;

жооптуу катчысы – Астанов Ш.М.;

техникалык катчылар – Акрамжанов А.Т., Курбанова Н.А.

2. ЖАЭУга 2026-2027-окуу жылы үчүн абитуриенттерди кабыл алуунун тартиби бекитилсин.

3. 2026-2027-окуу жылына жогорку кесиптик билим берүү программалары боюнча контракттык негизде кабыл алуу планы бекитилсин:

Дарылоо иши (6 жылдык) – 50;

Экономика – 25;

Менеджмент – 25;

Маалыматтык технологиялар жана эсептөө техникасы – 25;

жалпысы – 125 орун.

Ошондой эле 5 жылдык “Дарылоо иши” адистиги боюнча 700 орундук кабыл алуу планы эске алынсын.

4. Кабыл алуу боюнча үгүт-насаат иштерин күчөтүү, расмий сайт жана маалыматтык байланыш каналдары аркылуу абитуриенттерге кеңири түшүндүрүү иштерин жүргүзүү кабыл алуу комиссиясына жүктөлсүн.
5. Бул чечимдин аткарылышын көзөмөлдөө кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысына жүктөлсүн.

4-маселе боюнча Сапат жана дарылоо иштери боюнча проректор Ташиева Г.С. сөз сүйлөдү: – “Урматтуу кесиптештер! Дарылоо иши адистигин даярдоодо USMLE багытталган моделдин элементтерин этап-этабы менен киргизүү университет үчүн стратегиялык мааниге ээ. 2026–2029-жылдарга карата жол картада сегиз негизги милдет каралган: башкаруу архитектурасын бекитүү, gap analysis жүргүзүү, curriculum mapping ишке ашыруу, баалоону жаңылоо, практикалык баалоонун пилотун киргизүү, logbook жана bedside teaching механизмин өнүктүрүү, медициналык англис тилин күчөтүү, KPI жана мониторинг системасын киргизүү. Бул модел бейтаптын коопсуздугу, этика, коммуникация, клиникалык ой жүгүртүү жана далилдүү медицинаны тереңдетүүгө багытталган. Максат – эл аралык күтүүлөргө салыштырылуучу, сапаттуу бүтүрүүчү моделин түзүү.”

Суроо: Медициналык факультеттин деканы Астанов Ш.М.: – “Бул моделди киргизүүдө окутуучуларды даярдоо кандай этапта жүргүзүлөт?”

Жооп: Ташиева Г.С.: – “Жол картада 2027–2028-жылдары окутуучулар үчүн blueprint, SBA, OSCE, психометрика, клиникалык окутуу жана Medical English боюнча этаптуу даярдоо каралган. Мунун жыйынтыгында 2029-жылга карата даярдыктан өткөн окутуучулардын үлүшү кеминде 80% болушу күтүлөт.”

Сөзгө чыккандар: Окуу иштери боюнча проректор Садырова Н.А.: – “Бул жол карта университеттин билим берүү сапатын жакшыртууга көмөк көрсөтөт. Өзгөчө баалоонун ачыктыгын, клиникалык көндүмдөрдү жана эл аралык шайкештикти жогорулатуу жагынан маанилүү деп эсептейм.”

Токтом долбоору:

1. ЖАЭУнун билим берүү процессине USMLE багытталган моделди этап-этабы менен киргизүү боюнча 2026–2029-жылдарга карата жол карта бекитилсин.
2. ЖАМУда 2026–2028-жылдарга карата медициналык билим берүүнү эл аралык багытта өнүктүрүү концепциясын ишке ашыруу сапат жана дарылоо иштери боюнча проректорго жүктөлсүн.

Токтом долбоору добушка коюлуп, **бир добуштан кабыл алынды**.

5-маселе. Ар түрдүү маселелер. Ар түрдүү маселелер боюнча кошумча сунуштар түшкөн жок.

Окумуштуулар кеңешинин кезектеги жыйынынын жыйынтыгында, айтылган сунуштарды жана толуктоолорду эске алуу менен, Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү бир добуштан төмөнкүдөй чечим кабыл алышты:

Чечим:

1. а) Илим, мамлекеттик тил жана социалдык иштер боюнча проректордун маалыматы эске алынсын;

б) Мамлекеттик тилди өнүктүрүү, илимий жана социалдык иштер боюнча мерчемдердин социалдык тармактарда чагылдырылышы күчөтүлсүн.

2. а) Кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысы Н.А. Садырованын 2025-2026-окуу жылына карата жайкы жана кышкы кабыл алуунун жыйынтыгы боюнча маалыматы эске алынсын;

б) Кабыл алуу комиссиясынын отчету канааттандырарлык деп табылсын;

в) Кабыл алуу комиссиясынын ишине активдүү катышкан кызматкерлерди шыктандыруу маселеси администрация тарабынан каралсын.

3. а) 2026-2027-окуу жылына карата кабыл алуу комиссиясынын төмөнкү курамы бекитилсин: төрагасы – Нарбаев М.Р.; жооптуу катчысы – Астанов Ш.М.; техникалык катчылар – Акрамжанов А.Т., Курбанова Н.А.

б) ЖАЭУга 2026-2027-окуу жылы үчүн абитуриенттерди кабыл алуунун тартиби бекитилсин.

в)2026-2027-окуу жылына жогорку кесиптик билим берүү программалары боюнча контракттык негизде кабыл алуу планы бекитилсин: Дарылоо иши (6 жылдык) – 50; Экономика – 25; Менеджмент – 25; Маалыматтык технологиялар жана эсептөө техникасы – 25; жалпысы – 125 орун. Ошондой эле 5 жылдык “Дарылоо иши” адистиги боюнча 700 орундук кабыл алуу планы эске алынсын.

г) Кабыл алуу боюнча үгүт-насаат иштерин күчөтүү, расмий сайт жана маалыматтык байланыш каналдары аркылуу абитуриенттерге кеңири түшүндүрүү иштерин жүргүзүү кабыл алуу комиссиясына жүктөлсүн.

д) Бул чечимдин аткарылышын көзөмөлдөө кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысына жүктөлсүн.

4. а) ЖАЭУнун билим берүү процессине USMLE багытталган моделди этап-этабы менен киргизүү боюнча 2026–2029-жылдарга карата жол карта бекитилсин.

б) ЖАМУда 2026–2028-жылдарга карата медициналык билим берүүнү эл аралык багытта өнүктүрүү концепциясын ишке ашыруу сапат жана дарылоо иштери боюнча проректорго жүктөлсүн.

Копиясы анык

ЖАЭУнун Окумуштуулар кеңешинин
окумуштуу катчысы, т.и.к., доцент: Асилова З.А.